УДК: 373.1.
**DOI:10.58494/esai.24(9).2024.10**

*Ильгильдиева Айзада Абдурахмановна,*
*ИТЭИ, окутуучу, aizulya555.85@mail.ru*

*Ильгильдиева Айзада Абдурахмановна,*
*ИИТЭ, преподаватель, aizulya555.85@mail.ru*

*Ilgildieva Aizada Abdurakhmanovna,*
*IITE, teacher, aizulya555.85@mail.ru*

## КЫЗ-КЕЛИНДЕРДИ АДЕП-ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯЛОО ИДЕЯСЫ (“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ КАНЫКЕЙ ЭНЕНИН ЖАНА КЫЗ САЙКАЛДЫН МИСАЛЫНДА)

***Аннотация:*** *Макалада “Манас” эпосундагы эстетикалык тарбиялоодогу кыз-келиндердин образынын рухий-адептиктүүлүгүн даңазалоо менен тарбиялоо идеясы берилген. Ошондой эле Каныкейдин жана Кыз Сайкалдын образдары аркылуу акылдуу жардын, үй-бүлөдөгү орду, эне тарабынан берилүүчү тарбиянын милдеттери, эл намысын коргоо, адилеттик жана актык, аял намысы сыяктуу түшүнүктөр кеңири ачылган. Макалада белгилүү инсандардын аялзаты, энелер жана алардын үй-бүлөдөгү орду боюнча айтылган ойлору талдоого алынган.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *эстетикалык тарбиялоо, багыттоо, адеп, макал-лакаптар, маданият, учкул сөздөр, образдык талдоо.*

## ИДЕЯ НРАВСТВЕННО - ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ ЖЕНЩИН В ЭПОСЕ “МАНАС” (КАНЫКЕЙ ЭНЕ И КЫЗ САЙКАЛ)

***Аннотация****: в статье рассматриваются вопросы на примере эпоса «Манас» идеи эстетического и нравственного воспитания женщин. А также через образы Каныкей и Кыз Сайкала переданы место женщины в семье и ее роль в воспитании детей, задачи воспитании подрастающего поколения, защита женской чести, справедливость и преданность. В статье анализированы высказивания выдающихся личностей в отношении матерей и и их роли в укреплении семейного отношения.*

***Ключевые слова****: нравственность, пословицы и поговорки, народная педагогика, культура.*

## THE IDEAS IN THE «MANAS» EPOS, IN BRINGING UP YOUNG GIRIS IN EXAMPIE (CHARACTERS KANUKEY AND KYZ SAYKAL)

**Annotation***: the article examines the issues on the example of the epic "Manas" ideas of aesthetic and moral education of women. And also through the images of Kanykey and Kyz Saikal, the place of a woman in the family and her role in raising children, the tasks of educating the younger generation, the protection of women's honor, justice and devotion are conveyed. The article analyzes the statements of prominent personalities regarding mothers and their role in strengthening family relations.*

***Key words****: morality, proverbs, an sayings, folk pedagogy, culture winged words.*

### Киришүү

«Манас» эпосундагы Каныкей менен Кыз Сайкалдын жана башка мифтердеги, дастандардагы ар кайсы муундагы аялдардын кайталангыс образдарында баатырдык, акылмандык, ишкердик, өз эли-жерине чексиз берилгендик айкын көрүнөт.

Каныкейдин образы “Манас” эпосундагы аялдардын образдарынын ичинен айрыкча бөлүнүп турат. Ал Манас баатырга дайыма жардам берген, акыл айткан мыкты кеңешчиси. Эпостун бардык негизги окуяларына катышып, чыгарманын сюжетинде чечүүчү роль ойнойт. Каныкейдин образы аркылуу баяндалган элдик идеялар эпостун башкы идеясынын ачылышында чоң мааниге ээ. Көп учурда Манаска акыл айтып, аны кыйынчылыктардан, айрым мезгилдерде ажалдан сактап калат. Айлакерлик, акылмандык, чечкиндүүлүк, чыдамкайлык – Каникейдин негизги касиеттери [5, 400-б.].

Манастын жары Каныкей — эпостун баш каармандарынын бири. Чыныгы аты — Санирабийга. Каныкей деген атка ал Манас жуучу түшкөндөн кийин коет. Каныкей — «Кан никайи» деген сөздөн чыгып, «кандын аялы» деген маанини билдирет. Эпосто Каныкей аркылуу аялдын — аял экенин, аял— жан шериктин жана өмүрлүк жардын идеалындагы образы ачылган. Каныкей — бүткүл элдин сүймөнчүгүнө айланган каарман. Анын образы — адамдын үй бүлөдөгү, эл ичиндеги орду жана жүрүш-турушу жөнүндөгү элдик идеалдын көркөм чагылдырылышы.

Манасты Манас кылган Каныкей деген ойду камтыган ыр саптары эпосто арбын кездешет:

Хандын кандай болушу, Хандан эмес — ханышадан;

Каныкей-элдин өкүлү. Анын образы нечен кылымдардан бери аздектеп келе жаткан бардык асыл, жаркын сапаттарды камтыйт.

Улуу манасчылар бизге, Каныкейдин образынын мисалында эпикалык аялдын идеалдуу, укмуштуудай толук бейнесин түзүп жеткиришти [2, 76-б.]

Ошондуктан кыз баланы тарбиялоодо, турмушка даярдоодо кыргыз элинин макал-лакаптары, чыгармалар, көрүнүктүү, даанышман акылдуу, баатыр аялдарын мисал келтирсек болот. Акылдуу жар, эне болуу бул дал кыз баланын жаш кезинен тарбиялоодон башталат. Айлакерлик, акылмандык, чечкиндүүлүк, чыдамкайлык булардын баары кыз баланын тарбиясынан, үй-бүлөсүнүн кызга болгон мамилесинен болот. Төрөлгөндөн баштап анын коомдогу ордун, укугун жана милдетин билдирген тарбиялоонун атайын иштелген системасына түшкөн. Кыз балага карата айтылуучу макал-лакаптар көп кездешет. Кыргыз элинде кыздарга болгон тарбиялары, мамилеси, көз карашы өзчөгө мааниге ээ. Мисалы, *“Кызга кырк үйдөн тыюу”* бул төрт саптан турган сөз болгону менен тарбиялык мааниси кенен жана таасирдүү.

*“Кыздуу үйдө кыл жатпайт”* деп тазалыкка, эмкекчилдикке, тыккандыкка тарбиялаган.

*“Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө элдин көркү”*

*“Кыздуу болсоң    коздүү бол”*

*“Кыздын сулуу болушу  кудайдан, улуу  болушу озүнөн”*

Жада калса турмушка чыгып кеткен кызга да *“Чыккан кыз чийден тышта”* бул сөздө дагы  кыздын барган жеринен өз ордун таап  кетүүсүнө айтылган.

*Бир коомдун деңгээлин корүү үчүн, алгач ал коомдун аялзатын караңыз* ( Напалеон Бонапарт)

*Адамзаттын эң биринчи тарбиячылары – энелер* (О. Гольдсмит.)

*Балдар таалим-тарбиясы, үй-бүлөнүн сарамжалдуулугу, бейпилдиги, ыраттуулугу үчүн адамзат мектебинин эң алгачкы мугалими аялзат болуп эсептелет. Намыстуу, тарбиялуу жана үй-бүлөсүнө байланган аял, үй-бүлө уясын бейиштин бакчасына айландырат. Ал жердиги наристенин күлкүсү, ата-эненин үнү бейиштин мүрок суусунун шыңгыр үнүнөн айырмаланбайт* (Фетхуллах Гүлен).

“Аял заты – үй-бүлөнүн куту,”. – деген накыл кеп бар эмеспи арийне, балдардын таалим-тарбиясы, адеби, үй-бүлөнүн ирети, бейпилдиги бул – аял-затына байланыштуу. Мына ушул өнүттөн алып караганда коомдук алга умтулууда, өлкөдөгү терс көрүнүштөрдүн алдын алууда аялзатты маанилүү ролду ойгогондугу да айгине [6, 26-б.].

“Манас” баштаган эпостордун, поэмалардын жаралышы, алардын көркөм мурас катары калыптаныш процесси узак мезгилди басып өткөн. Ар бир айтуучу же жаратуучу элдин өткөндүгү тарыхын, жашоо образын гана чагылдырбастан, анын келечегин, үмүтүн, кыялын берүүгө арекет жасашкан. Көркөм мурастар элдик идеяны чагылдыруу негизги курал болуу менен бирге тарбиялык зор мааниге ээ.

Акылдуу, кайраттуу эр жүрөк Кыз Сайкал аялдарга адилетсиз мамилеге, патриархатка, эркектердин аялдарга чексиз бийлигине каршы чыгат. Ал дайыма өз уруусунун, өз жеринин таламын талашууга тикесинен тик турат.

“Манас” эпосунда Кыз Сайкалдын образы ар кайсы варианта ар кандай. Бир вариантта ал калмактын баатыры болуп, Манас менен эр сайышка чыкса, дагы бир вариантта кыргыздар тарапта болуп, кытай, калмакка каршы чыгат. Бирок бир нерсе айныксыз: кайсы гана вариантта болбосун Кыз Сайкал кайсы бир элдин жерине, малына көз арткан баскынчы эмес, эл намысын коргогон, адилеттик жана актык үчүн, аял намысы үчүн жанын аябаган баатыр кыз. Анын образы-эпостордогу бардык элдик баатырларды мүнөздөгөн классикалык салттуу образ. Ал сулуу да, адилет да, ашкере баатыр да, балбан да. Мына ошол үчүн анын образы кыргыз элинин аң-сезимине өз улуттук баатыры катары, аялзатынын идеал образы катары сиңип калган, ошон үчүн кыргыздар тээ атамзамандан бери кыздарынын атын Кыз Сайкалдай баатыр, сулуу, акылдуу болсун дешип, Кыз Сайкал коюп келишкен. Анын ысмы ушул азыр да архаикалык деп эсептелбей, эл арасында өтө аздектелген, Каныкей, Айчүрөк, Чачыкей, Зулайка (Кожожаштагы) ж.б. эпикалык ысымдар менен бирге кыздарга коюлуп келе жатат [2, 106-б.].

Манасчы Кыз Сайкалдын образын берүүдө ар бир эпизоддук окуялардын берилишин, чечилишин бири-бирине окшоштурбай, каарманды түрдүүкырдаалдан алып көрсөтөт. Жалаң эле Кыз Сайкалдын эрдигин көтөрө чаппай, анын каршылышынын да баатырдыгын, өткүрлүгүн белгилей, терс каармандын образы аркылуу Кыз Сайкалдын асыл сапарттарын ачып берүүгө аракет кылат [3, 228-б.].

С. Орозбаковдун вариантында тойдо Кыз Сайкал эр сайышка чыгып, Манасты жарадар кылат. Ошондо Чубак жетип барып, кыздын атын башка чаап жиберип (оюндун эрежесин бузуп, токтотуу үчүн), эр сайышты токтотууга калыстарды мажбурлайт. Кыз Сайкал эр сайышты улантуудан баш тартат, калмактар Манаска ат тартуулап кутулушат.

“Манас” эпосунда баатыр Кыз Сайкал-калмак ханынын кызы, Манастын жортуулдарынын биринде ага кошулуп кеткен Текес хандын небереси. Жашынан жоокерчиликке тарбияланган Сайкал урушта эрдиги жана шамдагайлыгы жагынан көп баатырдан калышчу эмес.

Манасчы Сагынбай Орозбаков Сайкалды мындайча сыпаттайт:

Тал чыбыктай ийилген,
Эркекче кийим кийинген.
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Жазы маңдай, түймө чач.
Ак, кызылы бөлүнгөн,
Айнектей көзү көрүнгөн.
Нурдуу кызыл бети бар,
Уuздан аппак эти бар,
Короз моюн, кобул кол,
Атанын сонун сулуу бол!
Талабы журттан бөлүнгөн,
Жуткан кызыл кымызы,
Тамагынан көрүнгөн.

Манастын өзүнө келсек, өз кезегинде мунун да болочокко ак никелүү зайыбы болчу ургаачы койгон талап-ченеми, каалоо-тилеги жогору. Манастын колукту ою эпосто баатырдын өз сөзү менен мындайча берилет.

Мен биле турган кеп болсо,
Оймоктуудан узду алам,
Оюмда жүргөн кызды алам.
Кереметти кенди алам,
Акыл-эси ошонун,
Мени менен теңди алам.
Алты жылдык зыянды,
Биле турган кызды алам.
Акыл кошуп жанымда,
Жүрө турган кызды алам.
Жан жолдошко жаман сөз,
Айтпай турган кызды алам.
Жаман жерге жамбаштап,
Жатпай турган кызды алам.
Бейбаштардын үйүнө,
Кирбей турган кызды алам
Бейжайлык менен кесирди,
Билбей турган кызды алам [4, 97-б.].

**Корутунду**

Тээ ата-бабабыздан бери келе жаткан салт дейбизби көнүмүш адатбы же өзүбүздүн ыймандуулук тартип, маданиятыбызбы, айтоор ошол мезгилден азыркы күнгө чейин кыз-келиндер үй-бүлөнү, Каныкей энебиздей биринчи орунга коет. Бул нерселердин баарына ата-бабалар айткан жомоктор, уламыштардын таасири зор. Кыргыз кыздары Каныкей  жана Кыз Сайкал менен эле чыктелбейт, азыркы убакытта Курманжан Даткадай бийлик башкарган көрүнүктүү аялдарыбыз көп. Мындай келтирилген үлгүлүү мисалдар өтө көп жана каада-салттар биздин күнүмдүк жашообузга, мамилелерибизге оң таасирин тийгизип жатканына шек жок.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. “Манас”. Сагымбай Орозбаков энциклопедиясы/ А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Б.: Бийиктик плюс, 2015. 1416-б.

2. Бектурганова Күлбүбү Арыковна. Кыргызстандын асыл кыздары. Сүрөтчүсү А. Касымалиев. – Б.: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2006. 416-б.

3. Кыргыз адабиятынын тарыхы/ Кенже эпостор жана поэмалар. А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Бишкек: 2002. 225-б.

4. “Манас”. Сагымбай Орозбаков энциклопедиясы/ А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Б.: Бийиктик плюс, 2015. 1416-б.

5. Байгазиев С. “Манас” эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары:-Б.: 2014. 48-б.

6. Кыргыз макал, лакап, учкул сөздөрү. / Жыйнаган: М. Ибрагимов./ (Толукталып, оңдолуп экинчи басылышы)/Жооптуу редактор: К. Конкобаев Бишкек, 2008. 640-б.

7. Шайдуллаева Т. Шоокум. Илимий, турмуш жана маданият журналы.- №5(10). 2007.